“Макулдашылды”

Ж.Баласагын атындагы
КУУнун кесиптик бирлигинин
төрагасы К.С.Жумабеков

“Бекитемин”

Ж. Баласагын атындагы
Кыргыз улуттук университетинин
ректору К.Ж.Садыков

# Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин мамлекеттик тил бөлүмү жөнүндө
# Ж О Б О

Бишкек – 2018-ж.

## I Жалпы жоболор

1.1. Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетиндеги (мындан ары – Улуттук унивеситет) мамлекеттик тил бөлүмү мамлекеттик тил боюнча проректорунун алдында Улуттук университеттин ректорунун буйругу менен түзүлдү.

1.2. Мамлекеттик тил бөлүмүнүн ишинин негизин Кыргыз Республикасынын Конституциясы, "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил жөнүндө" мыйзамы, "Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндө" Мыйзамы, Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдары, Улуттук университеттин уставы, 2017-2020-ж. Жамааттык келишим, Улуттук университеттин окумуштуулар кеңешинин чечимдери, Улуттук университеттин ректорунун буйруктары жана ушул Жобо түзөт.

1.3. Мамлекеттик тил бөлүмү Улуттук унивеситетте мамлекеттик тилди өнүктүрүүнү камсыз кылуу милдетин аткарат.

## II. Курамы

2.1. Мамлекеттик тил бөлүмүнүн курамы Мамлекеттик тил боюнча проректору тарабынан сунуш кылынат жана Улуттук университеттин ректору тарабынан бекитилет.

2.2. Мамлекеттик тил бөлүмүн түзүү, реорганизациялоо, жоюу КУУнун ректорунун буйругу менен КРдин учурда иштеп жаткан мыйзамына ылайык жүргүзүлөт.

2.3. Бөлүмдүн ишмердүүлүгү учурдагы жана перспективдүү мерчемдөөнүн негизинде, кызматтык ишмердүүлүктөгү маселелерди талкулоодо жалгыздап жана коллегиалдуу түрдө чечим кабыл алуу аркылуу, кызматкерлердин аларга жүктөлгөн кызматтык милдеттирин жана бөлүм башчынын өзүнчө тапшырмаларын аткарууда персоналдык жоопкерчиликтерин айкаштыруу аркылуу жүргүзүлөт.

2.4. Бөлүм башчы жана бөлүмдүн башка кызматкерлери КРдин учурда иштеп жаткан мыйзамына ылайык КУУнун ректорунун буйругу менен дайындалат жана кызмат орундарынан бошотулат.

2.5. Бөлүм башчынын жана бөлүмдүн башка кызматкерлеринин квалификациялык талаптары, функционалдык милдеттери, укуктары, жоопкерчиликтери КУУнун ректор бекиткен кызматтык нускамалар менен регламенттелет.

2.6. Бөлүмдү бөлүм башчы башкарат, ал кызматка жогорку кесиптик (педагогикалык) билимге ээ жана адистиги(кыргыз тили) боюнча иш стажы бар адам дайындалат.

2.7. Бөлүм башчы:

- бөлүмдүн бардык ишмердүүлүгүнө жетекчилик кылат, бөлүмгө жүктөлгөн милдеттер жана функциялардын өз убагында жана сапаттуу аткарылышын көзөмөлдөйт;

- Ж.Баласагын атындагы КУУнун мамлекеттик тил боюнча проректорунун буйруктарын аткарат жана ага баш иет, белгилүү деңгээлде анын орун басары болуп эсептелет.

- Илимий иштер боюнча проректор, окуу-методикалык иштер боюнча проректор бөлүм башчыга кошумча буйруктарды берет. Аталган кызматкерлердин буйруктары мамлекеттик тил боюнча проректордун көрсөтмөлөрүнө каршы келбеген учурда гана аткарылат.

- Бөлүм башчы мамлекеттик тил боюнча проректордун көрсөтмөсүнө ылайык төмөнкү бөлүм кызматкерлеринен эмгек тартибин сактоону талап кыла алат:
  - башкы адистен
  - адистен

2.8. Бөлүм өз ишмердүүлүгүн КУУнун башка кызматтары жана структуралык түзөмдөрү менен биргелешип, ошондой эле өз компетенциясынын чегинде тараптар, уюмдар менен бирдикте жүргүзө алат.

## III. Негизги милдеттери жана функциялары

3. 1. Мамлекеттик тил бөлүмүнүн негизги милдеттери:

- Иш кагаздарын жүргүзүүдө, котормодо, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттарында, китептерди, монографияларды, макалаларды жана окуу куралдарын чыгаруу ишинде мамлекеттик тилдин иштешин ыраттуулук менен жүзөгө ашырууну камсыз кылуу;
- Мамлекеттик тилдин кадыр-баркы үчүн күрөшүү менен бирге анын мартабасын жогорулатуу жана кыргыз тили аркылуу билим берүүнүн сапатын өрчүтүү;
- Улуттук университетте окутуу мамлекеттик тилде өтүлүшүнө камкордук көрүү жана ага ылайык шарттардын түзүлүшүн көзөмөлдөө;
- Мамлекеттик тилде сабактарды мыкты окуткан жана пропагандалаган мугалимдерди, кызматкерлерди, демилгелүү адамдарды, бөлүмдөрдү сыйлыктарга жана наамдарга көрсөтүү;

3.2. Мамлекеттик тил бөлүмү өзүнө жүктөлгөн негизги милдеттерге ылайык төмөнкүдөй функцияларды аткарат:

- Мамлекеттик тилди өркүндөтүүнүн жана бул процессти ылайыкташтыруунун мүмкүн болгон илимий, тажрыйбалык жолдорун жана ыкмаларын иштеп чыгуу боюнча ишти уюштурат;
- Мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча конкреттүү чараларды иштеп чыгууну уюштурат, алардын аткарылышын көзөмөлдөйт;

- "Мамлекеттик тил жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын жана ал Мыйзамга караштуу расмий иш кагаздардын, ченемдик укуктук актыларды Улуттук университеттин бардык бөлүмчөлөрү тарабынан аткарылышына көзөмөлдүк кылат;

## IV. Бөлүмдүн укуктары жана жоопкерчиликтери

4.1. Мамлекетик тил бөлүмү укуктуу:

- улуттук университетке түшкөн мамлекеттик тилге байланыштуу документтерди жана маалыматтык материалдарды алууга, аларды ишинде пайдаланууга;
- өзүнө жүктөлгөн милдеттер менен функцияларын аткарууга зарыл болгон маалыматты Университеттин жана структуралык түзүмдөрдүн жетекчилеринен сурап алууга;
- университеттин структуралык түзүмдөрүнүн мамлекеттик тилге байланышкан ишмердүүлүгүн текшерип, координациялоого, аларга милдеттендирилүүчү текшерүүнүн жыйынтыгында табылган кемчиликтерди жоюуга багытталган көрсөтмөлөрдү берүүгө, ошондой эле текшерүүнүн жыйынтыгын университеттин жетекчилигине билдирүүгө;
- мамлекеттик башкаруу органынын жана КУУнун жетекчилиги чакырган кеңешмелерге, коллегиялардын, тийиштүү кеңештердин отурумдарына катышууга;
- бөлүмдүн жана толук университеттин ишинин формасы менен методдорун өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизүүгө.
- Бөлүмдүн кызматкерлери эмгеги үчүн сыйланууга, материалдык колдоо менен жардам алууга укуктуу.

Жоопкерчиликтери:
4.2. Бөлүмдүн кызматкерлери кызматтык милдеттерин талапка ылайык аткарбагандыгы жана эмгек тартибин бузгандыгы үчүн КРдин мыйзамында каралган тартипте,КРдин мыйзамдарына жана КУУнун локальдык актыларына ылайык КРдин эмгек кодексинин негизинде жоопко тартылат.

## V. Корутунду жоболор

5.1. Улуттук университеттин жетекчилиги мамлекеттик тил бөлүмүнүн кызматкерлерине алардын толук кандуу иштешине зарыл болгон шарттарды (өзүнчө бөлмө, компьютерлерди, телефон, ченемдик-укуктук материалдарды ж.б. берүү) түзүп берүүгө милдеттүү.

5.2. Мамлекеттик тил бөлүмүнө тиешелүү болбогон милдеттерди жүктөөгө жол берилбейт.

5.3. Бул Жобо ,бекилген учурдан баштап күчүнө кирет.

Мамлекеттик тил жана тарбия иштери
боюнча проректор тарабынан түзүлдү ______________ А.С.Тиллебаев

**«Макулдашылды»**

Кадрлар бөлүмүнүн башчысы «__» 2018-ж. ______________ ______________________

Юридикалык бөлүмүнүн башчысы «___» 2018-ж. ___________ ___________________